**УДК: 373.2**

***Идирисова Н.***
*Идирисова Назгүл – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНДА АДЕПТИК БААЛУУЛУКТАРДЫ ТАРБИЯЛООНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ВОСПИТАНИЯ ЭТИЧЕСКИХ ЦЕННОСТЕЙ У ШКОЛЬНИКОВ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

# PEDAGOGICAL CONDITIONS FOR EDUCATION OF ETHICAL VALUES IN PRIMARY SCHOOL CHILDREN

***Аннотация.*** *Руханий, адеп-ахлактык тарбия берүүдөгү негизги каражаттардын жаңы технологияларын иштеп чыгуу жана аларды мүмкүн болушунча тез арада окуу – тарбия процессине киргизүү зарылдыгы турат. Окуу – тарбия процессиндеги заманбап инновациялык технология – бул биздин шартыбызда, башталгыч курактагы балдарды руханий-адептик жактан тарбиялоонун технологиясы, балдар адабиятындагы чыгармалардын мазмуну, формалары, каражаттары жана колдонуу ыкмалары, ага методикалык курал катары интеграцияланган окуу ишмердүүлүгү да кирет.*

*Билим берүү жана тарбия системасындагы баштапкы жана негизги этап болуп мектепке чейинки билим жана тарбия берүү процесси. Бул КРнын Билим берүү жөнүндөгү Мыйзамында да чоң маани берилип көрсөтүлгөн.*

***Аннотация.*** *Возникает необходимость разработки новых технологий основных средств духовно-нравственного воспитания и скорейшего внедрения их в образовательный процесс. Чтение - современная инновационная технология в образовательном процессе - в наших условиях это технология духовно-нравственного воспитания детей младшего возраста, содержание, формы, средства и методы использования произведений детской литературы, включающая в себя интегрированное обучение. деятельность как методическое средство.*

*Начальным и основным этапом в системе воспитания и обучения является процесс дошкольного воспитания и обучения. Этому придается большое значение в Законе об*

*образовании Кыргызской Республики.*

***Annotation.*** *There is a need to develop new technologies of the main means of spiritual and moral education and to introduce them into the educational process as soon as possible. Reading is a modern innovative technology in the educational process - in our conditions it is a technology of spiritual and moral education of young children, the content, forms, means and methods of using works of children's literature, which includes integrated learning. activity as a methodological tool.*

*The initial and main stage in the system of education and training is the process of preschool education and training. This is given great importance in the Law on Education of the Kyrgyz Republic.*

Азыркы учурда баалуулуктардын багыттарын өзгөртүү, коомдун руханий биримдигин бузуу, жаштардын жашоо приоритеттерин өзгөртүү, улуу муундун баалуулуктарын бузуу, өлкө үчүн салттуу баалуулуктарды деформациялоо сыяктуу көйгөйлөргө туш болуп жатабыз.

Ар кандай коомдук түзүлүштө анын социалдык – экономикалык түрдүү формациясында адамдын материалдык эмес, руханий жактан калыптануусу биринчи пландагы маселе болуп келген. Анткени адамдын инсандыгы (личносту) анын руханий, адеп – ахлактык абалына жараша калыптанат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-декабрындагы “Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө” Жарлыгында "Дүйнөнүн дээрлик бардык өлкөлөрүн каптаган кризис өндүрүштүк мамилелердин түзүлгөн ыкмасы, тынымсыз керектөөчүлүк жарыш, жаратылыш ресурстарын сарамжалсыз пайдалануу, анын натыйжасы катары саясий системанын, экономикалык мамилелердин кризиси жана адамдардын жүрүш-турушундагы руханий, адеп-ахлактык башаттын төмөндөшү менен байланышкан руханий чөйрөнүн үстүнөн материалдык мамилелердин артыкчылыгы дүйнөдөгү, анын ичиндеги Кыргызстандагы системалуу кризистин башталышы жана себеби болуп калды" деп жазылат [1, 4 б.].

Башталгыч класстын окуучуларынын руханий, адеп – ахлактык тарбия берүү – анын инсандык жан дүйнөсүн ойготуу дегендик. Бул иште балдарга арналган көркөм адабияттын ролу эбегейсиз чоң, анткени ал чыгармалардагы турмуш чындыгы, поэтикасы, акыл – насаатка карк идеясы, чынчылдыкка тарбиялоо – булардын баары баланы жашоодогу жамандык менен жакшылыктын ажырымын аңдоого негиз болуп берет. Жалпы билим берүүчү мекемелерде таалим-тарбия иштерин улуттук маданий жана адабий баалуулуктарды жалпы адамзаттык баалуулуктарды айкалыштыруу менен жүргүзүү талабына абалтан артыкчылыктуу маани берилип келет. Бул баарынан мурда, илимий, педагогикалык коомчулуктун жана тиешелүү мамлекеттик кызматтардын билим берүүнүн мазмунун гана эмес, республиканын бүткүл билим берүү мейкиндигинде өсүп келе жаткан муунга руханий билим берүүгө учурдагы каражаттарын жана ыкмаларын терең карап чыгуу зарылдыгын шарттайт. Башталгыч класстын окуучуларынын эмоционалдык, эрктик жана руханий жактан жетиле электигин эске алганда балдар адабиятындагы көркөм чыгармаларды балдар бакчасында (Башталгыч класстын окуучуларынын) жаш өзгөчөлүгүнө карата) окутуунун мааниси, инсанды калыптандырып, руханий таалим тарбия берүүдөгү орду менен ролу канчалык экендиги айкындалат. Улуттук жана адамзаттык руханий асыл баалуулуктардын башаты да, бай казынасы да көркөм адабиятта (балдар адабиятында), анын ичинде элдик оозеки чыгармаларда камтылган. Соңку жылдары балдар адабиятындагы чыгармаларды окутуунун бай практикалык тажрыйбалары топтолуп, балдар адабиятын окутуунун методикасы өзүнчө илим катары калыптанып, өнүгүп, азыркы билим берүүнүн талаптарына ылайык өркүндөтүлүүдө. Балдар адабиятын окутуунун теориялык жана практикалык бир катар орчундуу маселелери системалуу чечилип, окутуу процессинде колдонулуп келет.

Учурда руханий, адеп - ахлактык тарбия берүүдөгү негизги каражаттардын жаңы технологияларын иштеп чыгуу жана аларды мүмкүн болушунча тез арада окуу – тарбия процессине киргизүү зарылдыгы турат. Окуу – тарбия процессиндеги заманбап инновациялык технология – бул биздин шартыбызда, мектепке чейинки курактагы балдарды руханий-

адептик жактан тарбиялоонун технологиясы, балдар адабиятындагы чыгармалардын мазмуну, формалары, каражаттары жана колдонуу ыкмалары, ага методикалык курал катары интеграцияланган окуу ишмердүүлүгү да кирет.

Билим берүү жана тарбия системасындагы баштапкы жана негизги этап болуп мектепке чейинки билим жана тарбия берүү процесси. Бул КРнын Билим берүү жөнүндөгү Мыйзамында да чоң маани берилип көрсөтүлгөн.

Башталгыч мектеп системасындагы окутуп - тарбиялоонун теориясы менен практикасы – бул башталгыч класстын окуучуларынын ар тараптан өстүрүүнү камсыз кыла турган теория менен практика. Башталгыч класстын окуучуларынын түрдүү базалык сапаттар калыптандырылат. Анын өнүгүшү келечекте канчалык ийгиликтүү болушу башталгыч класстын окуучуларынын алган билимине, билгичтиктерине жана көндүмдөрүнө түздөн-түз байланыштуу. Кыргыз педагогикасында тарбия ар дайым руханий чөйрөнүн өнүгүшү менен байланышкан жана өзүнүн алдына негизги максатты - баланы дүйнөнү жана адамдарды өркүндөтүү мүмкүнчүлүгүнө ишенген ойлуу, адептүү, кайрымдуу, абийирдүү тарбиялоону койгон. Бала мектепте руханий тарбиялоонун сапаттык жаңы баскычы - бул анын мазмунун балдардын күнүмдүк жашоосуна, балдардын бардык иш-аракеттеринин түрлөрүнө жана мектепке чейинки билим берүүнүн салттуу методдорун интеграциялоодо иштери негизги каражаттардын бири болуп келген. Балдар адабиятынын материалдарын башталгыч класстын окуучуларынын билим жана тарбия берүүдө колдонуу маселелери айрым адистердин (М.Рахимова, К.Сейдекулова, А.Муратов, С.Рысбаев, Н.Абдраева) кандидаттык жана доктордук диссертацияларында, илимий-макалаларында каралган. Булардын ичинен Н.Абдраеванын диссертациясы биздин изилдөөгө жакын болгону менен ал изилдөө жогорку окуу жайларында балдар адабиятын окутууга арналган [1, 213 б.].

Соңку жылдары корголгон К.Миңбаеванын "Азыркы кыргыз балдар акындарынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар жана аларды окуп – үйрөнүү жолдору", Ф.Дайдиеванын "Жалпы билим берүүчү мектептин окуучуларын руханий калыптандырууда Ч.Айтматовдун чыгармаларын окуп – үйрөнүүнүн педагогикалык негиздери" [55, 285 б.] деген темаларда кандидаттык, Г.Карабалаеванын "Заманбап шарттарда үй – бүлөлүк жана коомдук тарбия берүүнүн өз ара байланышы" [74, 289 б.], ал эми А.Саттарованын "Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери" [150, 231 б.] деген темаларда изилдөөбүзгө тике жана кыйыр катышы бар.

К.Сейдекулова "Мектеп курактагы балдарды ыймандуулукка тарбиялоо" аталыштагы изилдөөсүн жүргүзгөн [152, 220 б.]. Демек, окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен практикасында азыркы мезгилге чейин балдар чыгармаларын пайдаланып заманбап шартка шайкеш уюштурууга карата системалуу изилдөө иштери аздыр – көптүр жүргүзүлдү.

Ошентсе да мектепке чейинки курактагы балдарды балдар чыгармалары аркылуу руханий маданияттуулукка ээ болууга жана тарбия процессин калыптандыруунун жалпылыгы, өзгөчөлүктөрү тууралуу түрдүү пикирлер айтылат. Балдар адабиятын изилдөөчү адис М.Түлөгабылов: "Жаш муундар келечек ээси болгондуктан, аларга туура тарбия берүүдө балдар адабиятынын ыйык милдети. Ал аркылуу улуттук баалуу мурастар, көркөм дөөлөттөр балдардын чыныгы инсан болуп калыптануусунда атуулдук сезимин козгогудай, руханий жан дүйнөсүн өстүргүдөй болуп пайдаланылат", - дейт [172, 103 б.].

Эгемендүүлүк доорунда коомдогу руханий–адептик тарбиянын практикасы олуттуу карама-каршылыктарды баштан кечирүүдө. Бир тараптан таалим-тарбия ишинин мазмунун, элдин тарыхый эс тутуму менен өткөн доорлордун социалдык практикасында калыптанган асыл нарктарга негиздөө аракети жанданса, экинчи тарапта таптакыр башка кыртышта тамыр алган массалык маданияттын терс таасирине каршы күрөшүү олуттуу сыноо катары ортого чыкты. Ошентип, бүгүн кыргыз коомунун улуттук тарбиялоо идеалын аныктоодо кыргыз адамынын кылымдап түптөлгөн менталдык руханий-адептик баалуулуктарын жаш муундардын байманасына айландырып, доордон доорго уланышы үчүн кам көрүүбүз зарыл. «Эс тутумсуз тарых болбойт, тарыхсыз салт болбойт, салтсыз маданият болбойт, маданиятсыз тарбия болбойт, тарбиясыз инсан болбойт, инсансыз улут болбойт» (академик Г.Н. Волков).

Экинчиден, бүгүнкү цивилизациянын чакырыктары кыргыз коомун ааламдашуу алкагындагы жаңы социалдык-маданиятка шарттап, өзүнүн адептик баалуулуктарын белгилүү өлчөмдө жаңы ченемдер менен карап өнүктүрүүгө өбөлгө жаратат. Ошондуктан, азыркы кыргыз коомунун улуттук тарбия идеалынын базалык баалуулуктары нукура улуттук нарктар менен азыркы доордун адамына коюлган талаптардын синтезинен туруусу шарт.

Кыргыз Республикасында инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн камсыз кылуу концепцясы Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө”, Кыргыз Республикасынын Президентинин “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн камсыз кылуу жөнүндө” Жарлыгын жетекчиликке алуу менен иштелип чыкты.

Концепция билим берүү уюмдарынын инсанды социалдаштыруу ишмердиги менен алек болуучу башка субъектилери менен кызматташуусун камсыз кылуучу негизги нормативдик-баалуулук катары колдонууга сунушталат. Мындай ишмердүүлүктүн негизги максаты – инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылууда жетиштүү деңгээлдеги бирдиктүүлүктү камсыз кылуу болуп саналат.

*Концепция:*

- улуттук, адамзаттык, үй-бүлөлүк жана коомдук баалуулуктарга, жогорку моралдык ченемдерге жана сергек жашоо образына таянган улуттук тарбиялык идеалды мүнөздөйт;
- инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу максатын, милдеттерин жана базалык баалуулуктарынын системасын аныктайт;
- инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуучу негизги социалдык-педагогикалык шарттарды жана жетекчиликке алынуучу принциптерди тактайт;
- билим берүү уюмдарына инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүү жана дене тарбиясы боюнча коомдук заказды максаттуу, натыйжалуу жүзөгө ашыруу багытындагы илимий педагогикалык талаптарды тариздейт;
- инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүнүн жана дене тарбиясынын милдеттерин жүзөгө ашыруудагы үй-бүлө, коомчулук жана билим берүү уюмдарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана башка коомдук түзүмдөрдүн өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжалуу механизмин аныктайт.

***"Руханий-адеп-ахлактык баалуулуктар" үч түшүнүктөн турат:***

"Руханият", "адеп-ахлак"жана " баалуулуктар". Алардын ар бирин карап көрөлү.

С.И. Ожеговдун" орус тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө "руханият – бул" руханий, адеп – ахлактык жана интеллектуалдык кызыкчылыктардын материалдык кызыкчылыктардан үстөмдүгүндө турган жан касиети", ал эми руханий адам - "динге, чиркөөгө тиешелүү" адам [4].

Философиялык сөздүктө " Рух "түшүнүгү"-акылдуу, белгилүү башталыш " деп аталат. Мындай көз караш диний көз караш менен байланыштуу, мында Рух түшүнүгү Кудайдын башталышы менен тыгыз байланышта.

Азыркы изилдөөчү Г. Г. Абсалямова руханият-бул адамдын курчап турган дүйнө менен жана өзү менен гармониясында чагылдырылган, жашоого маани берген инсандык абалы. Руханият-инсандын жан дүйнөсүнүн эң жогорку байлыгы," руханият-адамды адам кылган өзгөчө сапат " [1, 105-бет].

Психологиялык-педагогикалык адабияттарды изилдеп, талдап чыгып, төмөнкү тыянактарга келдик:

1. Руханий-адеп-ахлактык баалуулуктар-бул баалуулуктар багытынын система түзүүчү элементи болуп саналган, алардын маданий, социалдык, адамдык маанисин көрсөткөн, аң-сезимдүү иш-аракеттерди жана жүрүм-турумду жөнгө салуучу инсандык мамилелер адеп-ахлактык мүнөздөгү жана жогорку идеалдарына жетүү, аны жетектейт.

Мектептин жана үй – бүлөнүн биргелешкен иш-аракеттери-бул балдар, ата-энелер жана мугалимдер жалпы көйгөйлөр жана көйгөйлөр менен бириккен бир жамааттын мүчөлөрү

болгон педагогикалык процесстин катышуучуларынын өз ара байланышына жана байланышына негизделген педагогдордун, окуучулардын жана ата-энелердин өз ара аракети.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Абрамова, Г.С. Практическая психология [Текст]/Г.С. Абрамова. - Москва, 2004.-471с.

2. Бабанский, Ю.К. Педагогика [Текст]/ Ю.К. Бабанский. – Москва, 1999.-374с.

3. Богданова, О.С. Этические беседы с школьниками [Текст]/О.С.Богданова. – Москва, 2007.-310с.

4. Божович, Л.И., Нравственное формирование личности школьника в коллективе [Текст]/Л.И. Божович. - Москва, 2000.-468с.